**И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы Д 07. 20. 624 Диссертациялык Кеңешинин**

**№ 1 ПРОТОКОЛУ**

**18-декабрь, 2020-ж.**

*Кеңештин бардык мүчөлөрү* – 13 адам.

*катышканы* – 11 адам.

*Катыша албай калгандар:* - 2 адам

*Төрайым* – т.и.д., проф. Арзыматова А А.

*Окумуштуу катчы* – т.и.д. Карыева А.К.

**Төрайым:** Урматтуу адистештирилген кеңештин мүчөлөрү! Бүгүнкү жыйынга диссертациялык кеңештин жалпы 13 мүчөсүнөн, бардык профили боюнча каралган 10 илимдин доктору катышып олтурат, 1 диссертациялык кеңештин мүчөсү онлайн катышууда. Кворум бар. Кеңештин жыйынын ачууга эч кимде каршылык жокпу? Жок.

**Күн тартибинде:**

2. Омурова Жамыйкат Орозбековнанын «Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү» деген докторлук диссертациясынын темасы (07.00.02 – Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 –Жалпы тарых) адистиктери боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн жазылган диссертациясы **алдын ала** коргоого коюлган.

Диссертациялык иш Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университетинин тарых жана чөлкөм таануу факультетинин чөлкөм таануу жана кыргыз таануу кафедрасында аткарылган.

**Илимий кеңешчиси:** тарых илимдеринин доктору, профессор Кылычев Акылбек Мукаевич

Күн тартиби боюнча кимде кандай пикирлер бар?

**Кеңештин мүчөлөрү:** Бекитилсин?

**Төрайым:** Каршылык жок. Күн тартиби бекитилди. Катышуу баракчасына ылайык, бүгүнкү жыйынга диссертациялык кеңештин төмөндөгү мүчөлөрү катышып олтурушат:

1. Арзыматова Айнура Атыгаевна (төрайым) – т.и.д., профессор. Адистиги 07.00.02.

2. Бейшеналиев Алмазбек Бейшеналиевич (төраганын орун басары) – т.и.д., профессор. Адистиги – 07.00.02. Ата мекен тарыхы, 07.00.03 – Жалпы тарых.

3. Карыева Анара Карыевна (окумуштуу катчы) – т.и.д. Адистиги – 07.00.02.

4. Абытов Байболот Капарович– т.и.д., профессор. Адистиги – 07.00.02

5. Алымбаев Жээнбек Байыскулович – т.и.д., профессор. Адистиги – 07.00.02 жана 07.00.09.

6. Айдаркул Каана – т.и.д., профессор. Адистиги – 07.00.02 жана 07.00.03.

7. Жакыпбеков Жаныбек Жакыпбекович – т.и.д., профессор. Адистиги – 07.00.02 жана 07.00.09.

8. Жаркынбаева Роза Сейдалиевна– т.и.д., профессор. Адистиги – 07.00.02 жана 07.00.03.

9. Кененсариев Ташманбет Кененсариевич – т.и.д., профессор. Адистиги – 07.00.02.

10. Маанаев Эгемберди Жумагулович –т.и.д., профессор. Адистиги: 07.00.02.

11. Мокеев Анварбек– т.и.д., профессор. Адистиги – 07.00.02 жана 07.00.03.

10. Эсенкулов Нурмамат Жокенович – т.и.д., профессор. Адистиги 07.00.02 жана 07.00.09.

Сөз талапкердин өздүк делосунун материалдары жана документтери менен тааныштыруу үчүн диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, тарых илимдеринин доктору Карыева Анара Карыевнага берилет.

**Окумуштуу катчы, т.и.д. Карыева А.К:** Омурова Жамыйкат Орозбековна 1969-жылы туулган, улуту кыргыз, билими – жогорку.

Омурова Жамыйкат Орозбековна 1994-жылы Ж.Баласагын атындагы Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин тарых факультетин артыкчылык диплому менен бүтүрүп, «Тарыхчы. Тарых жана коомдук илимдердин окутуучусу» адистигине ээ болгон.

1994-жылдан 1997-ж. чейин КМУУнин аспирантурасынын күндүзгү бөлүмүндө Ата Мекендин тарыхы багытында окуган.

1997-жылдан бери Ж. Баласагын атындагы КУУнин тарых жана чөлкөм таануу факультетининде иштеп жатат.

2003-жылы "Т.У. Усубалиев коомдук жана мамлекеттик ишмер" (Адистиги: 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы) деген темада тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын ийгиликтүү коргогон. Илимий жетекчиси т.и.д. проф. Эралиев Закирбек Эралиевич.

28-ноябрь 2014-ж. Ж.Баласагын атындагы КУУнун окумуштуулар кенешинин отурумунун №2 протоколу менен «Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү» деген докторлук диссертациясынын темасы (07.00.02 – Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 – Жалпы тарых шифры кошулган.) жана илимий кеңешчи катары т.и.д., профессор – Кылычев Акылбек Мукаевич бекиген.

Омурова Жамыйкат Орозбековнанын «Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү» диссертациялык ишинин кол жазмасы 2019-жылдын 24-декабрында Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин тарых жана чөлкөм таануу факультетинин Чөлкөм таануу кафедрасынын кеңейтилген жыйынында талкуудан өтүп, коргоого сунушталган (№54протокол, 24.12.20).

2019-жылдын 28-февралында Д.07.18.578 Диссертациялык Кеңешине кабыл алынып. Д.07.18.578 Диссертациялык Кеңешинин чечими менен эксперттик комиссиясы түзүлгөн: курамында тарых илимдеринин доктору, профессор Каана Айдаркул (төрага), тарых илимдеринин доктору, профессор Жаркынбаева Роза Сейдалиевна (мүчө), тарых илимдеринин доктору, профессор Эсенкулов Нурмамат Жокенович (мүчө) кирген. 2019-жылдын 17-мартта эксперттик комиссия Ж.О. Омурованын изилдөө ишин талкуулап, диссертациялык ишке сын-пикирлер жана сунуштар менен оң баа берилип, коргоого сунушталган.

Ж.О. Омурованын изилдөө ишинин мазмуну боюнча жалпы 34 илимий макала жарык көрдү, алардын 15и чет элдик басмаларда чыгарылган, 10 макала РИНЦте катталган басылмаларда, 1 макала Web of Science жана Scopus системасы камтылган басмада жарык көрдү. жалпы баллы 352 (РИНЦ 100).

Изденүүчүнүн бардык жеке документтери туура толтурулган жана КР ЖАКтын бардык талаптарына жооп берет.

**Төрайым:** Өздүк делонун материалдары боюнча окумуштуу катчыга кандай суроолор бар? Суроо жок.

Анда сөз изденүүчү Жамыйкат Омурова Орозбековнага берилет

**Изденүүчү** Омурова Ж.О.: Ааламдашуу шартында эл аралык ири бирикмелерге караганда, белгилүү бир тарыхый географиялык аймакта орун алган мамлекеттердин чөлкөмдүк интеграциясы маанилүү жана олутуу болууда. Азыркы күндө Кыргызстан 20дан ашык эл аралык уюмдардын активдүү мүчөсү болу менен эл аралык мамилелердин субъектиси катары таанылып келет. Мына ушундай уюмдардын бири 2001-жылы 15-июнда Кытайдын Шанхай шаарында уюшулган, Шанхай Кызматташтык Уюму (ШКУ).

Диссертациялык иштин негизги максаты Кыргызстандын ШКУ алкагындагы өнүгүү этаптарын жана уюмдун алкагындагы интеграциялык өңүттөрүн кароо болду.

Негизинен иште беш бап каралды. Биринчи бап беш параграфтан туруп, Кыргызстан менен ШКУнун ишмердүүлүгүн изилдеген окумуштуу, аналитиктердин эмгектери каралып анализ берилди. Биринчи параграфында АКШ жана ЕБ өлкөлөрүнүн окумуштууларынын эмгектери каралды. Экинчи параграфында Кытай, Индия, Иран, Түркия жана Япония мамлекеттеринин ШКУнун ишмердүүлүгүнө болгон окумуштуу аналитиктердин эмгектери каралып анализденилди.

Үчүнчү параграфта орус окумуштуулардын эмгектери каралды, айта кетүүчү нерсе орус окумуштууларынын эмгектеринде ШКУнун алкагында Борбордук Азия анын ичинде Кыргызстандын өнүгүүсү тууралуу жазылган маалыматтар көбүрөөк кездешет.

Төртүнчү параграфта Боробордук Азия жана Кыргызстан окумуштуулардын эмгектери каралды. Жергиликтүү окумуштуулардын ШКУ жана Кытай боюнча изилдеген М. Иманалиевдин ж.б. окумуштуулардын эмгектери каралып, анализ чыгарууда абдан чоң көмөк түздү.

2-бапта диссертациялык иштин объектиси, предмети, методологиясы жана булактык базасы деп аталды. **Изилдөөнүн объектиси:** Кыргызстан жанаШанхай кызматташтык уюму (ШКУ).

**Изилдөөнүн предмети:** ШКУнун тарыхый өнүгүү этаптарына талдоо жүргүзүү менен уюмдун алкагындагы Борбордук Азия анын ичинде Кыргызстандын

коопсуздук, экономика жана маданий-гуманитардык чөйрөдөгү кызматташтыгын изилдөө.

Иштин методологиялык негизи үч топто каралды: Биринчи тарыхый ыкмалар колдонулду, экинчи эл аралык амилени изилдөөчү ыкмалар, үчүнчү укуктук – ченемдик документтерди изилдөө ыкмалары контент анализ, ивент анализ ж.б. негизинде диссертацияга анализ берилди.

3 парграфта булак таанууга арналып, төрт топко бөлүп карадык. Биринчи топтогу булактарга Кыргызстандын жана ШКУнун расмий укуктук–ченемдик документтери каралды: Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн бекемдеген Декларациясы, тышкы саясий концепциясы ж.б. документтер каралды. ШКУнун Хартиясы ж.б. уюмга мүчө мамлекеттеринин башчыларынын ар жылда өткөрүлгөн Декларациялары, конвенциялары ж.б. документтер иштин маани маңызын, укуктук – ченемдик макамын ачып көрсөтүүдө баалуу булак катары кызмат кылды;

Экинчи топтун булактарына ШКУга мүчө мамлекеттердин расмий жетекчилигинин өкүлдөрүнүн кайрылуулары, сөздөрү, билдирүүлөрү, маектешүүлөрү (сүйлөшүүлөрү) кирет.

Үчүнчү топтун булактары тиешелүү архивдик документтерден жана статистикалык-маалымдамалык басылмалардан турат. Кыргыз Республикасынын Президентинин архивдик материалдар булактык база катарында каралды. Бул архивдин материалдары түзүлгөн индекске ылайык 3 топко бөлүнүндү:

Төртүнчү топтогу булактарга массалык маалымат каражаттарында жарыяланган жана ШКУнун ишмердиги чагылдырылган оперативдүү материалдар электрондук сайттар кирди.

4-бап үч параграфтан турду, анда Кытайдын Борбордук Азияга жана Кыргызстанга карата стратегиясы, ШКУнун уюшулушу, өзгөчөлүктөрү каралды. Экинчи параграфта Кыргыз Республикасынын эл аралык уюмдарга катышуусу беш багытта экендиги каралган. Ал багыттардын ичинен ШКУдагы Россия жана Кытай менен болгон байланышына анализ бергенге аракет кылдым. Үчүнчү параграфта Кыргызстандын ШКУга мүчө болуусу 3 этапка бөлүнүп анализ берилди.

Иштин 4-бабында Кыргызстандын ШКУ алкагындагы коопсуздук, экономикалык жана маданий-гуманитардык кызматташтыгы каралды. Коопсуздук боюнча ШКУнун жана ЖККУнун ишмердүүлүгү анализ берилди. Ал эми

экономикалык алкакта Кыргызстан менен Кытайдын ШКУ алкагында жана эки тараптуу, ошондой эле “бир алкак, бир жол” ж.б. долбоорлору аркылуу республиканын ар бир областарында ишке ашырылып жаткан ишканалары тууралуу айтылды. Маданий – гуманитардык багыттагы кызматташтыгы уюм аркылуу да эки тараптуу да ишке ашып жаткандыгы каралды.

Ал эми иштин 5-бабында ШКУ менен Борбордук Азиянын анын ичинде Кыргызстандын өнүгүүсүн анализге алып изилдеген АКШ, ЕБ, Япония ж.б. мамлекеттердин окумуштуулардын ой пикирлеринин негизинде салыштырмалуу анализ ирээтинде каралды. Ар бир бап боюнча жыйынтык чыгарылды, практикалык сунуштар берилди.

Сөзүмдү жыйынтыктасам, Кыргызстан башка Борбордук Азия мамлекеттери сыяктуу дүйнөлүк жана чөлкөмдүк интеграциядан тышта калбашы керек. Азыр бир да өлкө өз казанына өзү кайнай бербейт, ошондуктан Кыргызстан биргелешкен интеграцияда активдүү ролду ойноп, катышуусу зарыл.

**Төрайым:** Изденүүчү Ж.О. Омуровага суроо барбы?

**Төрайым: сөз профессор, Жаныбек Жакыпбековичке берилет**:

**Жакыпбеков Ж.** Сизге мындай суроо, долбоор катары берилген сиздин авторефераттын 29 бетинде Кытай Элдик Республикасы үч негизгизде «дос коңшу, бай коңшу жана тынч коңшу» кызматташта деп жатасыз, Кыргызстандагы болуп өткөн акыркы окуяларда Кытай бир калыптагы позициядабы, ШКУ тарабынан алардын мамилеси кандай?

**Изденүүчү Ж.О. Омурова:** Жаныбек Жакыпбекович берген суроонузга рахмат, авторефераттын 29 бетинде жазылган «дос коңшу, бай коңшу жана тынч коңшу» Ден Сяопиндин мезгилинде эле кабыл алынып, азыркы мезгилде да өзүнүн тегерегинде жашаган мамлекеттер менен ушул эле саясатты жүргүзүп келет. Менин диссертациялык ишке, азыркы кездеги кырдаалды кошкон жокмун, анткени иш 2020-ж. февраль айында Диссертациялык кеңешке берилип калгандыктан. Бирок, Кыргызстандагы саясий кырдаалга карата Кытайдын жана ШКУнун позициясы нейтралдуу бойдон калууда. Кыргызстанда жаны бийлик лигитимдүү боло элек, ушул жылдын аягына чейин Кытайга болгон карыздын 30% төлөө каралган, Си Цзиньпинге кайрылуу болгон, бирок бул маселе ачык бойдон калууда.

**Төрайым: дагы кимде суроо бар?** Жээнбек Байскулович сөз сизде:

**Алымбаев Ж.Б.** 1-чи суроо: Теманын аталышы “Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары, өзгөчөлүктөрү” деп аталып, ишиңиз беш баптан турат, анын 2 бабы Борбордук Азия боюнча, калган баптарда Кыргызстанга арналган логика кандай мага жооп бериңизчи?

2-чи суроо: Жалпы тарых шифрин алам деп жатасыз, Кыргызстан менен ШКУну эле жазып, бул шифрды алыш үчүн кеңири караш керек?

3-суроо: Иште XIX к. материалдары колдондум деп жатасыз, иштин хронологиясында 1996-ж. бүгүнкү күнгө чейин деп турат буга кандай жооп бересиз.

**Изденүүчү Ж.О. Омурова:** Жээнбек Байскулович берген суроонузга рахмат. Биринчи суроонузда 1-2-бапта Борбордук Азия жана Шанхай кызматташтык уюму деп карадык. Анткени, диссертациялык ишти жазууда Борбордук Азияга карата жазылган эмгектерди караганга аргазыз болдук. АКШ, ЕБ, Япония ж.б. окумуштуулардын эмгектеринде Кыргызстан Борбордук Азия мамлекеттердин фонунда каралып, конкретүү Кыргызстан ШКУнун алкагында өнүгүү туралуу материалдар жокко эсе. Эгер болсо кичине гана берилген. Чындыгында менен 1-2 глава көпчүлүгү Борбордук Азия мамлекеттерин изилдеген окумуштуулардын эмгектерине таянылды. Логика боюнча 3-4-5 глава, Кыргызстанга арналганы менен уюмдун алкагында Борбордук Азия жалпылап алып кетип жатабыз коопсуздук, экономика, маданий-гуманитардык алкакта Борбордук Азия менен чогуу каралды. Бирок иште Кыргызстанга өзүнчө анализ берип караганга аракет кылдык.

2-суроого жооп, Жалпы тарых маселеси бар, иште бир эле Кыргызстанга карата материал каралган жок, Кытай Орусия, Индия ж.б., уюмда кирген ири гигант мамлекеттердин иш аракеттери да каралды. Кыргызстандын тарыхын ШКУнун алкагындагы ишмердигин келечекте жаштарга изилдөөгө ар бир коопсуздук, экономика жаатында болушу керек, Кыргызстандын тарыхын чектебешибиз керек деп ойлойм.

3-суроо: XIX к. чек ара маселесине жооп. ШКУнун уюшулушун негизи чек ара маселесини таянылган деген орус окумуштуулардын ой пикири каралган. Ошондуктан Орусия империясы тарабынан кандай келишимдер болгондугу каралды. Орусия империясы кулап, кийин СССР мезгилинде болгон келишимдер А.Д. Воскресенский ж.б. эмгектеринде жазылган, 19 к. учкай каралып, 1992-ж. чек

ара маселесине анализ берүүгө керек болду. Кытай менен Борбордук Азиянын анын ичинде Кыргызстандын чек ара маселесин кароодо Орусия мамлекетиндеги документтер абдан керек болгон. 1993-ж. Борбордук Азиядагы чек ара маселесин чечүү боюнча Кыргызстан, Тажикстан, Орусия, Казакстан ортосунда келишим түзүлүп, Кытай менен чек ара маселеси биргелешип чечиле баштаган.

**Төрайым: Суроо берүү үчүн сөз Алмазбек Бейшеналиевичке берилет:**

**Алмазбек Бейшеналиевич:** рахмат, иш көлөмдүү бай материалдар камтылган. Жободо 9дан, кийин 11ге өтүп кеткенсиз эмнеге?

Иште жалпы тарых шифры каралган, бирок Борбордук Азия боюнча перспектива көрө алган жокмун. Иштин 4/1 гана Борбордук Азияга, 4/3 гана Кыргызстанга арналган, шифр боюнча 50/50 % ченем жок. Иште 6 сунуш берилген бирөө гана Борбордук Азияга, беши Кыргызстанга тийиштүү, Борбордук Азия деп берилген менен анын ичинде Кыргызстан деп жазылган.

Иште Кыргызстандын архивиде материалдар колдонулган, Борбордук Азиянын башка Өзбекстандын, Тажикстандын, Казакстандын архивдик материалдары жок. Иш толук Кыргызстандын көз карашы менен жазылган иш экен.

**Изденүүчү Ж.О. Омурова**: Алмазбек Бейшеналиевич суроонузга рахмат, жободо сандык берүү техникалык ката кетип калыптыр, ондойм.

Архивдик булактар боюнча Кыргызстандын архивдик материалдары каралды, ШКУнун электрондук архивдик сайты бар, Борбордук Азия мамлекеттерине тиешелүү материалдарды ошол сайттардан алдым, бирок чынын айтыш керек Борбордук Азиянын Тажикстан, Казакстан мамлекеттеринин архивдерине барган жокмун.

**Алмазбек Бейшеналиев:** Корутундуда Кытайдын амбициялуу долбоору жөнүндө маселе жок экен, иште каралганы менен, корутундуда долбоор туралуу сунуштар берилген эмес. Бүгүнкү күндө концепциялары боюнча конкреттүү сунуштар берилген эмес, геополитикалык сунуштар жок, практикалык сунуштар алсыз жазылып калган. Кыргызстан боюнча толтура китептер бар, караса табылмак.

**Алымбаев Жээнбек Байскулович:** жалпы тарых бере албайбыз, Кыргызстандын тарых боюнча шифр алам десе, макулмун.

**Төрайым дагы кимде суроо бар, эч кимде жок.**

Анда сөз эксперттик комиссиянын мүчөсү тарых илимдеринин доктору, профессор **Эсенкулов Нурмамат Жокеновичке** берилет.

**Эксперттик комиссиянын мүчөсү т.и.д., проф. Эсенкулов Н.Ж.:** Урматтуу кесиптештер, биринчи жолу чогулуп жатабыз, баарыныздарга ден соолук каалайм.

Эми Ж. Омурованын диссертациялык ишке келе турган болсок, теманын актуалдуулугунда талаш жок. Эки кишинин пикири шифр маселеси болду. Борбордук Азия мамлекеттери ШКУнун мүчө Казакстан, Тажикистан, Өзбекстан мамлекеттери кириши эле айтсак болот

Экинчи маселе Кыргызстандын Кытай менен чек аралаш болушу, экономикалык карым-катнаш, жада калса ичкен жегенибиздин баары Кытайдан келет. Эми ШКУга келе турган болсок, башка өлкөлөр менен байланыш жок болбойт, ШКУ Евразиядагы чоң, өтө калктуу Кытай, Россия, Индия мамлекеттерин өз кучагына алат. Мындан ары да кадыр баркы жогорулап жатат. Биз кичинекей мамлекет болсок дагы чоң мамлекеттердин эл аралык площадкасын пайдаланып интеграциялык өнүгүүнү ишке ашырышыбыз керек. Чоң чоң проектер Кытай менен байланыштуу, акыркы 2 жылда Ат- Башышга өзүбүздүн түркөй болгонубуздан макул болбой койдук. Каалайбызбы, каалабайбызбы интеграциялык байланыш керек. Чек ара маселесинде 19 к. каралышы да олутуу, анткени ШКУнун түзүлүшүнө чек араны чечүүдө келишимдер негиз болгон, Тажикстан менен чек араны тактай албай жатабыз. Ал эми Кытай менен чек ара тактаоо биздин дипломатиялык мамилебизде чоң жетишкендик болгон. Казакстан менен Каркыра маселеси каралууда.

Диссертациянын артыкчылыгы эмнеде, биринчи эле маселе 03 шифрин берсекпи же бербесекпи деген маселе. Мен ойлойм, ШКУ деп жаткандыгы эле кыргыз чегинен чыкты деген эле сөз. Баш чайкасанар да ар кимдин өз оюу болуш керек. Бүгүнкү күндө бизде жалпы тарых боюнча адистер жок, жалпы тарых материалдар жок эле Кыргызстандын  тарыхын окугандар бар. ШКУну Борбордук Азия менен байланышын жалпы тарых деп берсек эч кандай катачылыгы жок. Темада мындай аталып калыптыр “Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү», Кыргызстан менен Кытайдын

байланышы деп эле алып же Кытай-кыргыз кызматташтыгынын келечеги деп алаганда болмок.

Ошону менен катар тарыхнаамада эмне деген маселени көтөргөн канчалык мааниде туура чечти, кошкон салымы, экинчи маселе орус ж.б. чет тилдеги материалдарды кароодо анализ берегенге аракеттенген. Дагы бир маселеси илимий эмгекте канчалык денгээлде тарыхый булакты пайдаланды, кийин мезгилде тарыхый булактар каралбай келет. Жамыйкат көптөгөн материалдарды караган, жакшы жыйынтыктарды бере алган. Жыйынтыктап айтканда, Шанхай кызматташтык уюму күн тартиби Борбордук Азияны жалпы карап жаткандыктан, буларды бөлүп кароого болбойт. Ар бир эле эмгектин кемчилиги бар, бирок иш жакшы методиканы түшүнгөн, жакшы денгээлде жазылган эмгек, силерден сураныч алыс карайлы келечекте тарых илиминде дагы бир докторго ээ болобуз. Жамыйкат агайларындын айткан сунуштарын кабыл алып оңдоп түздөп койсон, жалпысынан айтканда айтылып жаткан шифрларга туура келет, защитага чыкса болот.

**Төрайым: эмки** сөз **эксперттик комиссиянын** мүчөсү т.и.д., проф. **Р.С.Жаркынбаевада**: онлайн режимде болгондугуна байланыштуу (9 бет).

Окумуштуу катчы А. Кариева кыскартып, ар бир жобо боюнча окуп берди (Тилкелет.).

**Диссертациянын мазмунундагы жана аны жабдуудагы кемчиликтер жана изденүүчүгө сунуштар**

Ж.О.Омурованын диссертациялык ишинде жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен катар айрым мүчүлүштүктөр орун алган. Аларды жоюу үчүн айрым сунуштар:

1. Диссертациянын мазмунундагы биринчи бапта “Азыркы мезгилдеги Борбордук Азиянын жана Кыргызстандын тарыхнаамасында ШКУнун тарыхын изилдөөлөр” деп аталган 4-параграфында казак окумуштууларынын маалыматтары өтө эле жалпылаштырылып калган, кеңири берүү менен айрым окумуштуулардын эмгектерин кошумчалоо зарыл.

2. Диссертациянын 4- бабында коопсуздук, экономика маселерин кароодо ШКУга мүчө Борбордук Азия мамлекеттери анын ичинен Казакстандагы иш чаралар каралса болмок.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү тарых илимдеринин доктору, профессор Жаркынбаева Роза Сейдалиевна изденүүчү Ж.О.Омурованын докторлук диссертациясынын кол жазмасын, жогоруда аталган айрым мүчүлүштүктөргө карабастан, өз алдынча жогорку деңгээлде жазылган илимий иш деп санайт жана аны ачык коргоого алууга сунуш кылат.

Эксперттик комиссиянын мүчөсү Жаркынбаева Роза Сейдалиевна изденүүчү Омурова Жамыйкат Орозбековнанын **“Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү”** деген темадагы 07.00.02 Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 Жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасын, корутундудагы белгиленген кемчиликтерди сын пикир, сунуштарды эске алуу менен ачык коргоого сунуш кылам.

**Төрайым: эмки сөз эксперттик комиссиянын т мүчөсү т.и.д., проф. Айдаркул Каанага берилет.**

**Айдаркул К.:** Урматуу коллегалар, изденүүчү Ж. О. Омурованын “Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү” (07.00.02 – Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 – Жалпы тарых) деген темадагы тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн даярдалган диссертациясынын кол жазмасын карап чыктык.

Ж. О. Омурованын диссертациялык ишинде жогоруда көрсөтүлгөн жетишкендиктер менен катар айрым мүчүлүштүктөр орун алган. Аларды жоюу үчүн айрым сунуштар:

1. Диссертациянын киришүүсүндө теманын актуалдуулугун, коргоого алып чыгуучу жоболорду маанисин ар бир баптын жыйынтыгына ылайык келгендей чыгаруу керек.

2. “Азыркы мезгилдеги Борбордук Азиянын жана Кыргызстандын тарыхнаамасында ШКУнун тарыхын изилдөөлөр” деп аталган 4-параграфында айрым эмгектерге кеңири анализ берүү менен жергиликтүү окумуштуулардын эмгектерин кошуу.

3. Диссертациянын 3-бабында “Эгемендүү Кыргыз Республикасынын эл аралык институттарга мүчө болуусу” аталган биринчи параграфында кайталанган маанидеги пикирлерди кыскартуу маанилүү.

4. Ар бир бапта ШКУнун алкагындагы Кыргызстандын өнүгүүсүн чагылдырууда биздин республика жөнүндөгү маалыматтар жана ой пикирлер камтылышы өтө маанилүү.

Мен изденүүчү Ж.О.Омурованын докторлук диссертациясынын кол жазмасын, жогоруда аталган айрым мүчүлүштүктөргө карабастан, өз алдынча жогорку деңгээлде жазылган илимий иш деп санайм жана аны ачык коргоого алууга биз мындай сунуш кылабыз:

Эксперттик комиссия изденүүчү Омурова Жамыйкат Орозбековнанын **"Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү"** деген темадагы 07.00.02 Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 Жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн даярдалган диссертациясын коргоого:

***Жетектөөчү мекеме катары*** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясындагы Б.Жамгырчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун Кыргызстандын XX -XXI кк. тарыхы бөлүмүн дайындоону сунуш кылат.

***Биринчи расмий оппонент катары*** 07.00.03 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору, профессор Жаркынбаева Роза Сейдалиевна сунуш кылат.

***Экинчи расмий оппонент катары*** 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору, профессор Акунов Аалыбек Акунович сунуш кылат.

***Үчүнчү расмий оппонент катары*** 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору, профессор Ормушев Асан Сулайманович сунуш кылат. Эл аралык Кувейт университетинин ректорун сунуш кылабыз.

**Төрайым:** эксперттик комиссияга суроо барбы? Талкууга өтөлү. Сөз т.и.д. А. Бейшеналиевге берилет:

**А.Б. Бейшеналиев**: Жазып жаткан ишти ШКУ жалпы каралган деп жатасыздар, иш Кыргызстан жөнүндө жазылып, тема жалпы дүйнө тарыхы жөнүндө сөз жок, иш Кыргызстандан чыгып жазылып жаткандыгында, менин эксперттик комиссияга каршы пикирим бар, теманын маанилүү, диссертанттын изденүүсү абдан жакшы айтайын деп жатканым 03 шифр алып салуу маселеси.

**Ж. Алымбаев**: мен эгерде Ата Мекен тарыхы боюнча жактайм десе болот, эгерде Жалпы тарых десе, теманы Борбордук Азия жана ШКУ деп 5-главанын бир бөлүгүнө материалдарды кошсоңуз, мен макулмун.

**А.Б. Бейшеналиев**: Структурага эч маселе жок, бирок Борбордук Азия болуп дүйнөлүк тарыхка умутулуп жатса сөсүз оңдоо керек.

**Төрайым:** эмки сөз Т. Кененсариевге берилет:

**Т. Кененсариев:** теманын аталышында Кыргызстан жана ШКУ деп кетиптир, эгер Шанхай анан Кыргызстан кетсе туура болот эле, негизи Шанхай уюму жөнүндө айтылып жаткандан кийин, Кыргызстанда ар бир кыймылдаган сөзсүз эки тараптуу же көп тараптуу маселени чечип жатат да. Демек, Кыргызстанда курулбай калган Ат- Башыдагы маселе, Кара Балтадагы маселе бул жалпы тарыхтын маселеси. Бул сөзсүз глобалдык мезгилде жашап жаткандыгыбыз, бул Кыргызстанда болобу, Өзбекстанда болобу тиги Ошотогу маселе да жалпы тарых маселеси, бул маселенин өзү бул жалпы тарых. Нурмамат Жокенович айтып кетти бизде жалпы тарых боюнча адис жетишпей жатат. Анча мынча маселени карабай колдоп коюшубуз керек. Мен эки шифирге макулмун.

**Төрайым:** Диссертанттын өзүнө сөз берелик, Жамыйкат Орозбековна жооп берип койсонуз.

**Диссертант Ж.О.Омурова:** Рахмат берген суроонуздарга, Менин оюумда диссертацияда 07.00.03 адистиги боюнча көп материал бар, бул жерде жалгыз гана Кыргызстан каралган эмес. Кыргызстанга арналган 4-глава, анткени бул главада Кыргызстан ШКУнун алагындагы өнүгүүсү деп туруп, биринчисинде коопсуздук маселесин карап жатам, коопсуздук маселесинде дагы жалгыз гана Кыргызстанды караган жокмун, ал жерде ШКУнун саммиттерин карап туруп Борбордук Азия мамлекеттери менен машугуулары чогуу болот. Экономикасы да ошондой болуп жатат, бирок мен экономикалык кызматташтыкты карап жатканда өзгөчө маани берип белгилеп кеттим. Кыргызстан менен Кытайдын “Бир алкак, бир жол” долбоорунун алкагында ишке ашып жаткан долбоорлорун карадым. Н. Жокенович эксперт катары караганда Кыргызстан боюнча маалымат аз, көбүнчө Борбордук Азия дегендиктен, Кыргызстан багыт жасап материал коштум. 3-парагарфта да Кыргызстан менен Кытайдын мамилеси каралган. Ал эми 5-главада АКШ, ЕБ,

Кытай, Орусиянын ж.б. мамилеси ШКУнун алкагында өнүгүүсүн кароодо да окумуштуулар Борбордук Азиянын фонунда Кыргызстанды изилдешкен.

**А.Мокеев:** Жамыйкат өз оюн айтып 03 жалпы тарыхтан баш тартпай турат, кол көтөрүп добушка салалы 2 шифр менен кете берсин дегендер көп болсо кете берсин.

Талкууга Ж.Жакыпбеков, А.Бейшеналиев, Ж.Алымбаев, Т.Кененсариев, А.Мокеев, Н.Эсенкулов, К.Айдаркул катышты.

**Төрайым:** А.Мокеевдин сунушун добушка салам.

Омурова Жамыйкат Орозбековнанын **“Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү”** деген темадагы 07.00.02 Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алуу үчүн даярдалган диссертациясынын жактоого сунуш берүүнү добушка койолук:

**“Макул” – 9** (онлайн катышкан эксперт Р. Сейдалиеваны кошкондо);

**“Калыс” –** 1 адам;

**“Каршы”** – 1 адам.

**И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы Д 07. 20. 624 Диссертациялык Кеңеши**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Омурова Жамыйкат Орозбековнанын **“Кыргызстан жана Шанхай кызматташтык уюму: тарыхый өнүгүү этаптары жана өзгөчөлүгү”** деген темадагы 07.00.02 Ата Мекен тарыхы, 07.00.03 жалпы тарых адистиктери боюнча тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн даярдалган диссертациялык иши коргоого кабыл алынсын.

2.**Бекитилсин:**

***Жетектөөчү мекеме катары*** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер Академиясындагы Б.Жамгырчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун Кыргызстандын XX –XXI к. тарыхы бөлүмүн дайындоону сунуш кылат.

***Биринчи расмий оппонент катары*** 07.00.03 – Жалпы тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору, профессор Жаркынбаева Роза Сейдалиевна сунуш кылат.

***Экинчи расмий оппонент катары*** 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору, профессор Акунов Аалыбек Акунович сунуш кылат.

***Үчүнчү расмий оппонент катары*** 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин доктору, профессор Ормушев Асан Сулайманович сунуш кылат.

**3.** Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынан Омурова Жамыйкат Орозбековнанын авторефератын басып чыгарууга уруксат берүүсү суралсын.

Д 07.20.624 диссертациялык кеңешинин
төрайымы, т.и.д., профессор А.А. Арзыматова

Д 07.20.624 диссертациялык кеңешинин
окумуштуу катчысы, т.и.д., доцент А.К. Карыева